6. http://arabaev.kg/dp.kg/uploads/%D0%94%D0%B8%D1%81%D1%81%D0%B5%D1%80%D1%82.%20%20%D0%90%D0%B9%D1%82%D1%8B%D1%88%D0%BE%D0%B2%D0%B0%20%D0%96.%D0%A2.%20%D0%9A%D3%A8%D0%A3%2026.10.2020.pdf
7. http://arabaev.kg/dp.kg/uploads/%D0%94%D0%B8%D1%81%D1%81%D0%B5%D1%80%D1%82%D0%B0%D1%86%D0%B8%D1%8F%20%D0%91%D1%8B%D0%BB%D1%8B%D0%BA%D0%BE%D0%B2%D0%B0%20%D0%9C.%D0%9C.pdf
8. http://www.science-journal.kg/media/Papers/nntiik/2020/12/%D0%9D%D0%9D%D0%A2-12_2020_%D0%B3%D0%BE%D0%B4_257-260.pdf
**9.** http://www.science-journal.kg/media/Papers/nntiik/2022/2/%D0%9D%D0%9D%D0%A2_-_2_2022_%D0%B3%D0%BE%D0%B4._%D0%A1%D1%83%D0%BB%D1%83%D0%BA%D1%82%D1%83._PDF_217-220.pdf
10. http://www.science-journal.kg/media/Papers/nntiik/2022/5/%D0%9D%D0%9D%D0%A2_-_5_2022_%D0%B3_117-122.pdf

**УДК.: 37.016.46. https://doi.org/10.56122/..v2i2.253**

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫН АДЕПТҮҮЛҮККӨ ТАРБИЯЛООДО МАКАЛДАРДЫ ПАЙДАЛАНУУНУН ӨБӨЛГӨЛӨРҮ
# ПРЕДПОСЫЛКИ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ПОСЛОВИЦ В ВОСПИТАНИИ НРАВСТВЕННОСТИ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ
# PREREQUISITES FOR USING PROVERBS IN MORAL EDUCATION OF PRIMARY SCHOOL STUDENTS

Тогузакова Батма Шерматовна, ОшМПУ, окутуучу
toguzakovabatma@gmail.com

**Аннотация.** Макалада өлкөбүздө учурда билим берүүнүн сапатын жакшыртуу, мамлекеттин келечегин түптөө, экономикалык жогорку өнүгүүгө ээ болуу, келечек ээлерине сапаттуу билим жана тарбия берүү башкы маселе катары каралды. Ошондуктан, мамлекетибиздин экономикалык абалын эске алуу менен билим берүү тармагында келечек муундарга татыктуу тарбия жана сапаттуу билим берүү үчүн башталгыч класстын окуучуларын адептүүлүккө тарбиялоо учурда өтө **актуалдуу маселе** болуп саналат.Өзгөчө макалада башталгыч класстын адептүүлүк нормаларын калыптандырууда макалдардын орду белгиленди. Кыргыз эли улуулугун, улуттук нарктуулугун кылымдан кылымга унуткарбай сактап келген улуу эл. Элибиз эреже, закон жок эле, жүрүм-турум эрежелерин катуу сактап, жаза колдонуп, аларды ондоп, тескеп келген. Кыргыз эли көчмөн эл болгондугу баарына маалым, бирок ошол катаал шартка карабай ушунча кылым нарктуу баалуулуктарды сактап, оозеки кийинки муундарга жеткирүүнүн өзү эле эмне деген улуулук. Азыркы миң кырдуу инновациялык методдордун тээ түпкү көрөңгөсү да ошол эле нукура улуттук тарбияларга түптөш болуп жатканы айкын.

***Ачкыч сөздөр***: балдар, коом, макалдар, элдик тарбия, сапат, башталгыч класс, мектеп, башталгыч класс, мугалим, маданият, жүрүш-туруш, адептүүлүк, инсан.

**Аннотация**. В статье основным вопросом было рассмотрено повышение качества образования в нашей стране, создание будущего государства, достижение высокого экономического развития, обеспечение качественного образования и подготовки будущих владельцев. Поэтому, учитывая экономическое положение нашей страны, воспитание младших школьников является весьма актуальным вопросом в сфере образования для обеспечения достойного образования и качественного образования будущих поколений. В специальной статье рассмотрена роль пословиц в формировании. Особое внимание уделяется

нравственным нормам начальной школы. Всем известно, что кыргызы были кочевым народом, но, несмотря на суровые условия, здорово сохранить столько многовековых ценностей и передать их в устной форме следующим поколениям. Понятно, что самое оригинальное проявление сегодняшних многогранных инновационных методов является основой такого же подлинного национального образования.

**Ключевые слова:** Дети, общество, пословицы, народная педагогика, нация, учение, воспитание, школа, учитель, культура, поведение, манеры, личность, воспитание.

**Annotation**. In the article, improving the quality of education in our country, establishing the future of the state, achieving high economic development, providing high-quality education and training to the future owners was considered as the main issue. Therefore, taking into account the economic situation of our country, education of elementary school students is a very urgent issue in the field of education to provide decent education and quality education for future generations. In a special article, the role of proverbs in the formation of elementary school moral standards is highlighted. It is well known that the Kyrgyz people are nomadic, but despite these harsh conditions, it is a great honor to preserve so many centuries-old values and pass them on to future generations orally. It is clear that the very essence of today's myriad innovative methods is rooted in the same authentic national upbringing.

**Keywords**: Children, society, proverbs, folk pedagogy, nation, teaching, education, school, teacher, culture, behavior, manners, personality, education.

Учурдагы санариптешүү доорунда билим, тарбия процессине катар эле кыргыздын нукура улуттук тарбиялоо мурастарын, руханий этникалык баалуулуктарын киргизүү жана аларды өсүп келе жаткан жаштарга терең жеткирүү милдеттери актуалдуу болууда. Учурдагы жаштардын батыш жана башка маданияттарга тез тартылышы, улутубуздун менталитетине туура келбеген жүрүм-турумдар, көз караштар келечек муундун көөдөнүн каралап, көкүрөгүн көр кылып, маңкуртка айландырууда. Билим берүү процессинин негизги милдеттери болуп - тышкы катаал маданиятка өз тарбия, билими менен туруштук берип, өз улутунун нукуралыгын сактай алган, патриот, элдик тарбиянын маңыздуу идеяларына бай, аларга терең сугарылган ар тараптуу инсандарды даярдоо эмеспи. Учурда өзгөчө жаш муундарда адепсиздик көрүнүштөр: оройлук, наркомания, ичкилик, чылым чегүү, талап-тоноо, көрө албастык сыяктуу терс сапаттар күчөгөндөн күчөп жаткандыгы коомчулуктун айыккыс дарты болууда. Мамлекетибиз өлкөнүн экономикалык жана башка абалын жогорулатуу менен бирге эле, алгач ошол мамлекетти түзгөн адамдардын руханий адептик, ыймандык абалдарын да кошо бекемдөөнүн зарылдыгын да эске алып, маани берип көптөгөн иш чараларды пландаганы жакшы жөрөлгө. Жаштарыбыздын активдүүлүгү, тарбиялуулугу, илимдүүлүгү, жөндөмдүүлүгү о.э. ишенимдүүлүгү улуттук маданият менен тыгыз айкалышта өнүксө, ошондо коом өзүнүн ички, тышкы өнүгүүсүн бир деңгээлде кармап сырттан келген күчтөргө туруштук бере алат деп ойлойм. Коомдун өнүгүшүн адептүү , ыймандуу, айкөл, тарбиялуу рух гана стабилдүү улантат. Ошондуктан учурдун талабы өсүп келе жаткан жаңы муундарыбыздын руханий байлыгына көбүрөөк көңүл буруу менен катар, алардын жаштарда калыптандыруу жолдорун эске алып, ишке ашыруу. Демек, бул ишти жүзөгө ашыруу үчүн өзгөчө башталгыч класстын окуучуларын адептүүлүккө тарбиялоодо макалдарды пайдалануунун орду өзгөчө мааниге ээ деп ойлойм. [1]

Макал балдардын туулуп өскөн жерине, үй-бүлөсүнө, курчаган коомуна, табиятка жана башка баалуу нерселерге болгон өзүнүн эмоционалдык патриоттук сезимдерин ойготуп, балдардын ойлоосун, көз карашын, инсандык баалуу сапаттарын турмуштук кырдаалдар аркылуу, акырындан калыптандырып, жакшы жакка түзөйт. Кыргыздар күнүмдүк турмуштан эле ар түрдүү кырдаалдарды чагылдырган нускалуу, мазмундуу, ырааттуу, акылман кептер менен адамдарга таасир этишип, алардын кемчиликтерин билдирбей оңдошкон. Макалда кыска, бирок терең мазмундуу ой жатат. Биздин бабаларыбыз өтө көп сүйлөп баркын кетиришпей кыска, нуска, маңыздуу кептер менен түз эмес кыйыр иретинде таасирдүү

тарбиялоо процессин жүргүзүшүп келишкен. Баланы тарбиялоодо элдик педагогиканын элементтерин колдонуу дайыма жакшы жетишкендиктерди берээри айкын. Демек, элдик педагогиканын элементи болгон макалдардын да бул багытта орду эбегейсиз зор.

Учурда жаштар китеп окуу деген дүйнөнү гаджет, технологиялык багытка алмаштырышууда.Жөнөкөй эле макалдын чечмеленишин жарытаарлык чечмелей алышпайт. Кыргыздын урпагын улай турган келечек ээлери ушундай шартта макалдарды пайдалануу аркылуу башталгыч класстын балдарынын жан дүйнөсүн азыктандырып, акырындык менен адептүүлүккө багыттоо абзел деп ойлойм.

Башталгыч класстын балдары жаңыдан гана мектепке барып, дүйнөгө кызыгуусу артып турган мезгилдери болгондуктан алардын ошол сензитивдүү убагын туура пайдалана алышыбыз керек.

Кыргыз эли улуулугун, улуттук нарктуулугун кылымдан кылымга унуткарбай сактап келген улуу эл. Элибиз эреже, закон жок эле, жүрүм-турум эрежелерин катуу сактап, жаза колдонуп, аларды ондоп, тескеп келген.Кыргыз эли көчмөн эл болгондугу баарына маалым, бирок ошол катаал шартка карабай ушунча кылым нарктуу баалуулуктарды сактап, оозеки кийинки муундарга жеткирүүнүн өзү эле эмне деген улуулук. Азыркы миң кырдуу инновациялык методдордун тээ түпкү көрөңгөсү да ошол эле нукура улуттук тарбияларга түптөш болуп жатканы айкын. Балага колдоо көрсөт, акырын айтып түшүндүр, жакшы жактарын белгиле, кыска таасирдүү сүйлө жана башка тарбиялоо методдорду бизге чейин эле кыргыз эли макалдарда чагылдырып эбак колдонуп келишкен. Мисалга алсак, “Жакшы болуш аста-аста, Жаман болуш бир паста”, “Жакшы атка бир камчы, Жаман атка миң камчы”, “Адептүү алкыш алат, Адепсиз каргыш алат”, “Кызга кырк үйдөн тыйуу” сыяктуу миң түрдүү таасирдүү макалдар бар. Макалдын артында патриоттуулук, туруктуулук, улуулук, акылмандык,адептик, кең пейилдик, меймандостук, баатырдык, убадага бекемдик сыяктуу көптөгөн руханий баалуулуктар менен адептик нормалар терең калыптанган. Буга далил “Манас” эпосу кыргыз элинин руханий дөөлөттөрүн иретке салып муундан- муунга улантканы маалым. [1]

Адептик, инсандык сапаттарга толук калыптанганда гана бала өзүнүн жана башка сырттагы жүрүм-турумдардын оң-терс жактарына баа берип, аларды баалоого, анализдөөгө күчү кенен жетээри айкын. Адам адеп нормаларын өз жүрүм-турумуна синирип, кабылдаш керек. Жаныбарлардан адам баласы акылы, сезими, маданияттуулугу, аң-сезими менен айырмаланат. Руханий жактан бай адам гана өзүнүн кылган жоруктарын, өзүнүн жана башкалардын терс адебин ичтен таразалап, убайым тартат. Сезимтал жандар өлкөнүн , элдердин башына келген оор иштерге көңүл кош карабайт, чын көңүлүнөн кейип, жардам берет. Алар көрө албастык, терс адаттардан качышат. Жан дүйнөсү жарды, сезими сенек, кайдыгер адам гана жан күйгүзүп, экинчи адамга жардамга келбейт.Ошондуктан, балдарда адептик, кайрымдуулук, боорукерлик, уятттуулук, пейили токтук сыяктуу башка баалуу касиеттерди түптөө маанилүү маселе болууда. [2]

Башталгыч класстын балдарын улуттук нарк-насилдердин, макалдардын таасиринде терең сугарып, аларды адептүү адам катары окутуп, тарбиялоодо милдет мугалимге жүктөлөрү белгилүү. Инсанга тиешелүү талаптар мугалим аркылуу балдардын жан-дүйнөсүнө сиңип, ишенимине айланып, турмушта колдонулат. Улуу педагог К.Д.Ушинский белгилегендей, балдардын жан дүйнөсүнө таасир этүүчү мугалим өз үлгүсү менен гана сабак өтүү менен тим болбой, балдардын руханий маданиятын улуттук жана дүйнөлүк түрлөрү менен толуктоочу гид катары кызмат кылуу керек.Качан бала өз улутунун маданиятын, каада-салтын, нарк-насилин, тарыхын толук билип, өздөштүрүп, сыйласа гана башка маданиятты да бат өздөштүрүп, сыйлоого күчү жетет. [3]

Элдик тарбиянын таасири күчтүү, жөнөкөй кур сөздөр менен окутуп, тарбиялоого караганда, таасири күч сөз берметтерин пайдалануу маңыздуу. Элдик дидактикалык чыгармаларда байкасак, ошол элдин узак убакыттан бери топтоп келген нарктуу тарбиялоочу принциптер өзгөчө чагылдырылат. Биз колдонгон турмуштук бай, асыл эрежелер да ошол

баалуулуктар аркылуу жөнгө салынган. Ошолордун ичинен балдарды адептүүлүккө тарбиялоодо макалдардын өзгөчөлүгүнө токтолсок. Кыргыздын элдик оозеки чыгармачылыгында адептүүлүк нормаларын чагылдырган, таасирдүү , курч, айтылган макалдар абдан көп экендиги талашсыз. Элибиздин адептүүлүккө багыттоочу маныздуу, мааниси терең төмөнкүдөй макалдарын башталгыч класс окуучуларын окутуп, тарбиялоодо пайдалануу өтө маанилүү. Мисалы:

1. Адеби жок жигит — жүгөнү жок атка окшош.
2. Адеби жок адам кабанаак итке окшош.
3. Адеби жоктун аты —жөнүн сураба.
4. Адеби жоктун, уяты жок.
5. Адепсиз бала — таманга жабышкан чыла.
6. Адепсизден алыс кач.
7. Адепсизден да адептүүлүктү үйрөн.
8. Адептүү — алкыш алат, адепсиз — каргыш алат.
9. Адептүү бала — абийир, адепсиз бала — жабыр.
10. Адептүү жигит азаптан алыс болот.
11. Адептүү киши — азаптан алыс.
12. Адептүүлүк— адамдын көркү.
13. Ата кебин эшиткен уул адеп тутат.
14. Уулуңду адепке сөз менен эмес, өрнөк менен (өрнөктүү иш менен) үйрөт.
15. Ынанымы жоктун адеби жок.
16. Адамдын башкы милдети — ыймандуулук.
17. Картаңдан ыйман кетсе, жаштардан уят кетет.
18. Катының жаман болсо мейманың кетер, уулуң жаман болсо ыйманың кетер.
19. Уят — өлүмдөн катуу - деген сыяктуу жана башка көптөгөн макалдар бар. [2]

Макалдар өз ичине кылымдар бою калктын акыл-эсин, тажрыйбасын, адеп-ахлагын камтыйт. Алар адептүүлүктү, жакшылыкты, чынчылдыкты, меймандостукту, кечиримдүүлүктү, эрдик, адилеттүүлүк сыяктуу адеп-ахлактык касиеттерди даңазалайт. Башталгыч класстын балдары макалдар аркылуу бул касиеттердин маанисин түшүнүп, өз жүрүм-турумун жакшыртууга аң-сезиминдеги ички талап пайда болот. Макалдар мааниси терең, бирок кыскарак болгондуктан, өзгөчө кенже мектеп жашындагы балдар бат эле жатташып, эске да оңой эле сакташып, күнүмдүк турмушунда колдонууга аракет кылууларына үйрөтүшүбүз зарыл. Кенже мектеп жашындагы балдардын ойлоосу конкреттүү болот эмеспи, андыктан макалдарды төмөнкүдөй формаларда окутуу, тарбиялоо процессинде колдонууга мүмкүнчүлүгүбүз бар.

- Макалдарды оюн формасында пайдалануу: “Макалды тап”, “Макалды толукта”, “Макалды түшүндүр” , жаны макалдарды түз сыяктуу .Балдар макалдарды оюн аркылуу кызыгуу менен үйрөнүшөт, аларды эсте калыш үчүн жагымдуу шарттарды түзүшөт.
- Макалдардын турмуштагы маанисин көрсөтүү да өзгөчө мааниге ээ. Окуучуларга макалдардагы түшүнүктөрдү турмуштагы мисалдар аркылуу көрсөтүү керек. Окуучулар макалдарды турмушта пайдалануунун маанисин түшүнгөндө, алардын адеп-ахлагынын өсүшүнө оң таасир берет.
- Балдарга кызыктуу макалдарды окуп, алардын маанисин түшүндүрүп берүү керек. Окуп жатканда интонацияны колдонуу, мимиканы, сөзүнүн өзүнө көңүл буруу маанилүү.
- Макалдын негизги бөлүктөрүн (теңештирүү, салыштыруу, сыпаттоо) түшүндүрүү керек.
- Макалдын маанисин талдап түшүндүрүү. Балдар макалдын маанисин түшүнүшү үчүн аны түшүндүрүп берүү маанилүү. Мисалдарды келтирип, сүрөттөрдү пайдаланууга болот.
- Күнүмдүк жашоодо макалдарды колдонуу: Балдар күнүмдүк жашоодо макалдарды колдонсо, алар эсте калуусу жеңил болот.

- Жазуу жумуштарында макалдарды пайдалануу**:** Баяндамаларда, чыгармаларда макалдарды пайдаланууну үйрөтүү керек.
- Макалдардын тарыхын үйрөнүү: Макалдардын кайдан келгенин, алардын маанисинин өнүгүшүн түшүндүрүү.
- Макалдардын авторлорун билүү: Макалдар эски замандарда пайда болгондуктан, алардын авторлору белгисиз. Бирок, макалдардын тарбиялык маанисин түшүндүрүү маанилүү.
- Макалдар боюнча сүрөттөр чыгаруу: Балдарга макалдар боюнча сүрөттөр чыгарууга тапшырма берүүгө болот.
- Макалдар боюнча ырлар жазуу: Балдар өз чыгармачылыктарын көрсөтүп, макалдар боюнча ырлар жаза алышат. [4]

Жыйынтыктап айтканда, башталгыч класстын балдары адептүүлүк нормаларын терең өздөштүрүп, өз бойлоруна, жүрүм-турумдарына сиңирип, турмушта өз алдынча пайдаланууга өбөлгө түзүп берүүбүз шарт. Аларды патриот, мекенчил, күчтүү, адептүү, сырткы конкуренцияга туруштук бере алган инсан катары тарбиялоо биздин жана коомдун талабы болуп жатат. Улуттук баалуулуктарыбызды ыйык сактап, аларды муундан-муунга мурас катары өткөрүп берүү, улуу муундардын атуулдук парзы болуп саналат.Тарыхын сактаган, тегин тактаган улуулуктарын, баалуулуктарын урматтаган келечек ээлерин даярдап берүү биздин милдет. Балдарга эң оболу адам катары чыныгы жашоону, чыныгы Мекенге берилгендикти, адептүүлүк, сылыктыкты үйрөтөлү. Эл-жерибизди чын жүрөктөн, кан-жаныбыз менен сүйүүнү үйрөтөлү. Ошондуктан өзүбүздүн улуттук баалуулуктарыбызды ыйык тутуп, көзүбүздүн карегиндей сактап, улуттук сезимибизди, ар-намысыбызды ойготолу. [5]

**Колдонулган адабияттар:**

1. Б.Апышев. Д.Бабаев., Т.Жоробеков «Педагогика» Ош2000.
2. А.Алимбеков «Кыргыз этнопедагогикасы». Б.:1996.
3. Д.Алымкулов «Ата-эне жана бала» Мектеп басмасы Б.:1975.
4. Касымов Тыныбек, Миталипов Камалидии «Үй - бүлөдөгү мектепке чейинки бала тарбиясы» Б.:2010.
5. Акматалиев, А. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү /А.Акматалиев. – Б.: Шам, 2000.

УДК: 374(821.512.154) https://doi.org/10.56122/..v2i2.254

## «ЭЛ МЕНЕН СЕН БИЙИКСИҢ, ЭЛДЕН ЧЫКСАҢ КИЙИКСИҢ" АТАЛЫШЫНДАГЫ КЛАССТАН ТЫШКАРЫ ИШТЕРДИ УЮШТУРУУНУН МЕТОДИКАСЫ

## МЕТОДИКА ОРГАНИЗАЦИИ ВНЕКЛАССНОЙ РАБАТЫ «С НАРОДОМ ТЫ ВЕЛИК, ВНЕ НАРОДА — ТЫ НИКЧЕМНЫЙ»

## "YOU ARE HIGH WITH THE PEOPLE, METHODOLOGY OF ORGANIZING ACTIVITIES OUTSIDE THE CLASSROOM UNDER THE TITLE "IF YOU STAND OUT FROM THE CROWD, YOU WILL BE A DEER"

Наркеева Акылай Анарбековна, ОшМПУ, улук окутуучу
E-mail: akylai.narkeeva@gmail.com

***Аннотация:*** Бул макалада Барпы Алыкуловдун “Ынтымактуу эл менен чыгармасынын” тематикасын балдарга тереңдетип жеткирүү максатында **«Эл менен сен бийиксиң, Элден чыксаң кийиксиң"** деген аталыштагы класстан тышкаркы уюштуруу иштери орто мектептерде жүргүзүлдү. Класстан тышкаркы иштерди уюштуруунун негизги максаты: балдарды сахнадан ыр аркылуу таануу; баланы окууга шыктандыруу; мектеп куракта балдарды китепке кызыктыруу; жашоого болгон көз караштарын өзгөртүү; жандуу